Жарандардын социалдык маселелерин чечүү максатында Жогорку Кеңеш тарабынан «Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жер кодексине, Кыргыз Республикасынын Токой кодексине, «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамдары кабыл алынган.

Кабыл алынган ченемдер мамлекеттин жарандардын жер участокторуна менчик укугун таануу, жер мунапысын жүргүзүүнүн шарттарын жана тартибин бекемдөө боюнча бир жолку акцияны карайт.

Мыйзамды ишке ашыруунун натыйжасында 100000ден ашуун үй-бүлөнүн турак жай маселеси чечилет, аларга жер участокторуна менчик жана курулуш жүргүзүү укугун бекемдөө, ошондой эле жашаган жери боюнча катталуу жана социалдык убайларга жеткиликтүүлүк алуу мүмкүнчүлүгү берилет.

[1,2] Жогорку Кеңеш 2022-жылдын 17-мартында кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 1-апрелинде кол койгон.

## 32 841,34 га

которууга (трансформациялоого) жаткан жер тилкелеринин аянты

## 2 229 га

Трансформациялоого жараксыз аянттар

**Төмөнкү жер тилкелерине жайылтылат:**

- өзүм билемдик менен курулган же бүтпөй калган жеке турак үйлөрү бар;
- «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенге чейин которуу (трансформациялоо) жөнүндө тиешелүү чечимдер кабыл алынган жерлердин башка түрлөрүн кошпогондо, «Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенге чейин кабыл алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктуу органдарынын же болбосо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органдары укук мураскерлери болуп саналган органдардын сугат айдоо жерлерин жеке турак жай курулушуна которуу (трансформациялоо) жөнүндө чечимдери бар;
- айыл чарба өндүрүшүндө пайдалануу үчүн жараксыз болгон;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жер үлүштөрүн жер участокторуна бөлүштүрүүнүн натыйжасында «айыл чарбалык» максаттуу багыттагы жер участокторуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актылары бар;
- багбанчылык-дача участоктору.

**Төмөнкү жер тилкелерине жайылтылбайт:**

- газ түтүктөрү, жогорку чыңалуудагы электр өткөрүү линиялары жана жылуулук тармактары өткөн жерлерде, көрүстөндөрдө, мал көмүлгөн жерлерде, таштандыларды коргоо зонасында өзүм билемдик менен курулган жер участокторунда, социалдык-маданий, тиричилик багытындагы объектилерди куруу үчүн арналган жерлерге, калктуу конуштардын жалпы пайдалануудагы жерлерине;
- экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык талаптарга жооп бербеген, аларга карата сот органдарынын тиешелүү чечимдери бар, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдын зонасына кирген жер участокторуна, ошондой эле тарыхый-маданий мурас объектилери, ЮНЕСКОнун бүткүл дүйнөлүк мурас объектилери бар жер участокторуна; маданий жана эс алуу парктарына, ботаникалык паркка;
- «Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлери» жана «Суу фондунун жерлери» категорияларындагы жер участокторуна, ошондой эле үрөнчүлүк чарбалардын, асыл тукум чарбалардын, окуу-тажрыйба, айыл чарба илимий-изилдөө мекемелеринин жер участокторуна.



## 2 835 га



айыл чарба багытындагы жерлер калктуу конуштардын жерлери категориясына которулган

**782,6 га**
2020-жылы

**1 356,4 га**
2019-жылы

**423,7 га**
2018-жылы

**272,19 га**
2017-жылы

# КОНТРАБАНДА МЕНЕН КҮРӨШҮҮ



чек арадан мыйзамсыз өткөн адамдар үчүн санкция

7 500 сомдон
**60 000 сомго чейин көбөйтүлгөн**

кайталап укук бузган учурда

**100 000 сом**

Товарлардын чек аралар аркылуу мыйзамсыз өтүүсү, азыркы убакта кыйла уюшкан формага ээ болуу менен, мамлекеттин экономикалык кызыкчылыктарына айкын коркунуч туудурган терс таасирдүү массалык кубулушка айланып бара жатат. Буга коңшу мамлекеттер менен, алып айтканда узундугу 970,8 км. түзгөн кыргыз-тажик чек арасынын айрым тилкелерин демаркациялоо жана делимитациялоо маселелеринин чечилбегени өбөлгө болууда.

Тажрыйба көрсөткөндөй, жогоруда көрсөтүлгөн такталбаган чек ара тилкелери аркылуу мыйзамсыз өткөрүлүп жаткан нерселердин ичинде эң кеңири таралгандары күйүүчү-майлоочу материалдар, эл керектөөчү товарлар, айыл чарба өнүмдөрү болуп саналат.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен, экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[1]



[1]Жогорку Кеңеш 2022-жылдын 18-майында кабыл алган

Мыйзамы кабыл алынган.

Мыйзам көрсөтүлгөн укукка каршы аракеттерди жасаганы үчүн өлчөмдөш жана кармоочу таасир этүүчү санкцияларды белгилейт. Ошентип бажы чек арасы аркылуу товарларды мыйзамсыз алып өткөнү үчүн санкция жеке адамдар үчүн 7500 сомдон 60000 сомго чейин, юридикалык жактар үчүн 23000 сомдон 80000 сомго чейин көбөйтүлгөн, ошондой эле аткезчилик предметтерин ташуу үчүн пайдаланылган транспорттук каражаттарды конфискациялоо каралган. Мында ал бажы төлөмдөрүн эки эселенген өлчөмдө төлөгөн учурда жактарды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуучу ченем алып салынган.

Укук бузуу кайталанып жасалган учурда айып пул жеке адам үчүн – 100 000 сомду, юридикалык жактар үчүн – 150 000 сомду түзөт.

Мындан тышкары, жашырганда, анык эмес документтерди жана идентификациялоо каражаттарын пайдаланганда, өткөрүлгөн товарлар анык эмес декларацияланганда айыптардын суммасы көбөйтүлгөн.



чек арадан мыйзамсыз өткөн юридикалык жактар үчүн санкция

23 000 сомдон
**80 000 сомго**
**чейин көбөйтүлгөн**

кайталап укук бузган учурда

**150 000 сом**

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЖӨНҮНДӨ

*«Ар бир ысырапкор – коомдун душманы,*
*кандай болбосун сарамжал адам – жакшылык жарчысы»*

*А. Смит*

Жогорку Кеңеш тарабынан «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө»[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган, анын негизги максаты иштеп жаткан жолжоболорду жөнөкөйлөштүрүү жолу менен мамлекеттик сатып алуулар тутумун өркүндөтүү болуп саналат. Мыйзам бюджеттик каражаттарды үнөмдүү пайдалануу, коррупциялык көрүнүштөрдү азайтуу жана мамлекеттик сатып алуулардын ачык-айкындуулук деңгээлин жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт.

Ушул мыйзам борборлоштурулган мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү үчүн ыйгарым укуктуу органды түзүүнү карайт, бул чечимдерди ыкчам кабыл алууга, милдеттердин бирин-бири кайталоосун жоюуга, адамдык жана финансылык ресурстарды кыскартууга мүмкүнчүлүк берет.

Мындан тышкары, мыйзамдын жөнгө салуу чөйрөсүнөн мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталында катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашуун пайызы мамлекетке таандык акционердик коомдор тарабынан жүзөгө ашырылуучу сатып алуулар чыгарылып салынган.

[1] Жогорку Кеңеш тарабынан 2022-жылдын 6-апрелинде кабыл алынган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылдын 14-апрелинде кол койгон.

# АДАМ УКУКТАРЫН САКТОО ЖӨНҮНДӨ

Адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Конституциянын 23-беренесине ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон жана абсолюттук деп таанылат.

Жарандардын көп сандаган кайрылууларын жана бул маселенин коомдук маанилүүлүгүн эске алуу менен, Жогорку Кеңеш 2022-жылдын 16-мартында «Кыргыз Республикасында адам укуктарын сактоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун абалы, көйгөйлүү маселелери жөнүндө» Токтом кабыл алган, анда төмөнкүлөр **ТАПШЫРЫЛГАН:**



**- Министрлер Кабинетине:**

• Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу жана коркунучтарга каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маселесинде мамлекеттик органдардын ишин координациялоону күчөтсүн, ошондой эле жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча чараларды көрсүн;

• адам укуктарын сактоону эске алуу менен, маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизсин;

• маалыматка жетүүдө, алууда жана таратууда коопсуздук менен адам укуктарынын ортосундагы теңдемди белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыксын жана аларды Жогорку Кеңештин кароосуна киргизсин;

• Ички иштер министрлиги Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен укук бузуулардын алдын алуу жана бөгөт коюу тутумун, ошондой эле алдыңкы технологияларды колдонуунун негизинде маалыматтык коопсуздукту коргоо жана камсыз кылуу усулдарын өркүндөтүү боюнча чараларды көрсүн.

**- Башкы прокуратурага:**

• укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин ыкчам тартууларын, видео- жана аудио жазууларын мыйзамсыз таратуу фактысы боюнча, кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени карасын;

• мыйзамсыз атайын тергөө аракеттери, куугунтуктоо, тыңшоо жана жарандардын, көз карандысыз журналисттердин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын, саясатчылардын, ошондой эле жарандык активисттердин жеке турмушуна кийлигишүү фактылары боюнча кызмат адамдарын тергөөнү жана жоопкерчиликке тартууну көзөмөлгө алууну күчөтсүн.

**- Акыйкатчыга (Омбудсменге) сунушталсын:**

• Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына контролду күчөтүү;

• талдоо жүргүзүү жана үстүбүздөгү жылдын июнунда адам укуктарын сактоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун көйгөйлүү маселелери боюнча атайын баяндама берүү.

# МИГРАЦИЯЛЫК САЯСАТ ЖӨНҮНДӨ

Россия Федерациясынын мыйзамдарындагы өзгөрүүлөргө ылайык, Беларусь Республикасынын жарандарын кошпогондо, эмгек ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн Россияга келишкен чет өлкөлүк жарандар Россияга кирген күндөн тартып 30 күндүн ичинде медициналык күбөлөндүрүүдөн жана мамлекеттик дактилоскопиялык каттоо жана сүрөткө түшүү жолжобосунан өтүүгө милдеттүү.

Медициналык күбөлөндүрүү өзүнө баңги каражатарын, дарыгердин дайындоосу жок психотроптук дары-дармектерди, түпкүлүгү кооптуу жаңы психоактивдүү заттарды колдонбоосун, жугуштуу ооруларынын, анын ичинде ВИЧ-инфекциясынын жоктугун текшерүүнү камтыйт. Оң натыйжалар болгон учурда, чет өлкөлүк жарандарга, анын ичинде ЕАЭБ мүчө-мамлекеттердин жарандарына карата алардын анда жүрүүгө болбостугу же Россияга кирүүсүн чектөө жөнүндө чечим кабыл алынат.

Бүгүн медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүү мигранттар үчүн узак убакытты жана аз эмес каражаттарды талап кылат, ошондой эле Россиянын бардык эле медициналык мекемелери медициналык күбөлөндүрүү боюнча тейлөө кызматтарын көрсөтүүгө даяр эмес.

Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет эмгек ишин жүзөгө ашыруу максаты менен Россия Федерациясында жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары-нын көп сандаган кайрылууларына байланыштуу ушул маселе боюнча Тышкы иштер министрлигинин маалыматын угуп жана жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйдүн өтө маанилүүлүгүн эске алуу менен **ТӨМӨНКҮДӨЙ ЧЕЧТИ**:



**- Тышкы иштер министрлигинин маалыматы эске алынсын.**

**- Министрлер Кабинетине жана Тышкы иштер министрлигине:**

- ЕЭК алкагында, Беларусь Республикасы сыяктуу эле, ЕАЭБ жарандарына карата жолжоболордон өтүү талаптарын алып салуу тууралуу маселени демилгелөө;
- тастыктамаларды берүү жана аларды Россия Федерациясынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын таануусу менен медициналык жолжоболорду Кыргыз Республикасынын аймагында өтүү мүмкүнчүлүгү бөлүгүндө, россиялык тарап менен медициналык күбөлөндүрүүгө карата талаптарды жөнөкөйлөштүрүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени иштеп чыгуу;
- уюшулган ишке орноштуруу маселелерине көмөк көрсөтүү боюнча Кыргызстанда Россиянын миграциялык борборун түзүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени иштеп чыгуу тапшырылсын.

Мындан тышкары, Комитет жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди кароо өтүнүчү менен Россия Федерациясынын Мамлекеттик Думасынын КМШ, евразиялык интеграция жана мекендештер менен байланыш иштери боюнча Комитетинин Төрагасына кайрылуу-катын жолдогон.

# «ЖЕР КАЗЫНАСЫ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМДЫН 25-1-БЕРЕНЕСИНИН АТКАРЫЛЫШЫ ТУУРАЛУУ

Көмүр өнөр жайы Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин эң маанилүү тармактарынын бири болуп саналат. Республикада көмүр казып алуу үчүн келечектүү 70тей көмүр кени жана жер тилкелери бар.

Республика боюнча 2021-жылы жалпы суммасы 4 261 051 900 сомдук 2 989 927 тонна көмүр казып алынган. Казып алынган көмүрдүн жалпы көлөмүнүн 1 060 980,0 тоннасы башка өлкөлөргө экспорттолгон.

Калкты жана бюджеттик уюмдарды өз убагында көмүр менен зарыл болгон көлөмдө жана жеткиликтүү баа боюнча камсыз кылуу максатында, мыйзамда мамлекеттин катыш үлүшү 100 пайыздуу ишканалар тарабынан көмүр кендеринин иштетилиши үчүн шарттар каралган.

Ушул маселенин маанилүүлүгүн эске алуу менен, Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты комитети контролдук иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу тартибинде «Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-1-беренесинин аткарылышы жана көмүр тармагынын учурдагы абалы жөнүндө» маселени караган.

Комитет Министрлер Кабинети «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдын көрсөтүлгөн беренесин аткаруу үчүн Жер казынасын пайдалануу укугун берүү Тартибин* бекиткенин белгилеген. Көрсөтүлгөн мыйзамдык акты кабыл алынган учурдан тартып ыйгарым укуктуу органга мамлекеттин катыш үлүшү 100 пайыздуу ишканалардан 16 көмүр кени чыккан жерлерди иштетүүгө 18 кайрылуу келип түшкөн.

Комитет ошондой эле Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлиги тарабынан «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдын 25-1-беренесин ишке ашыруу үчүн жетиштүү чаралар көрүлбөй жатканын жана мамлекет калкты, бюджеттик уюмдарды көмүр менен камсыз кылуу маселесинде, бүтүндөй тармактын 99%ын түзгөн жеке менчик ишканаларга көз каранды экенин белгилейт.

**ЖОГОРУДА БАЯНДАЛГАНДЫН НЕГИЗИНДЕ КОМИТЕТ МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ:**

- «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдын 25-1-беренесин аткаруу боюнча чараларды күчөтүүнү;
- көмүр тармагын өнүктүрүү Программасын иштеп чыгууну жана бекитүүнү;
- көмүр казып алуу менен алектенген мамлекеттик ишканаларды техника жана жеңилдетилген кредиттер менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн кароону;
- 2022-2023-жылдардын күз-кыш мезгилинде бюджеттик уюмдарды жана калкты жеткиликтүү баада көмүр менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну;
- көмүрдүн экспортуна мамлекеттик контролду күчөтүүнү;
- көмүрдүн экспорту менен алектенген жеке ишкерлер үчүн шарттарды түзүүнү;
- көмүр чыккан жерлерди пайдалануу укугуна берилген лицензияларды инвентаризациялоо жүргүзүүнү;
- «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияларды берүү жана чакыртып алуу тартибин кайра кароону;
- жер участокторун рекультивациялоо, өнөр жай жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө контролду күчөтүүнү;
- квартал сайын Комитетке ушул чечимдин аткарылышы тууралуу толук маалымат берүүнү сунуштайт.

** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 23-августундагы № 148 токтому*




**«КЫРГЫЗ КӨМҮРГӨ» 2 ЖАНА «КЫРГЫЗ ГЕОЛОГИЯГА» 3 КЕНДҮҮ ЖЕРЛЕР БОЮНЧА ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУ УКУГУНА ЛИЦЕНЗИЯЛАР БЕРИЛГЕН**

| Кендүү жер | Пайдалуу кендер | Пайдалануу түрү |
|---|---|---|
| «Кыргыз көмүр» МИ | | |
| Сүлүктү – 11 талаа | күрөң көмүр | иштетүү |
| Миңкуш, Агулак, Восточный тилкелери | көмүр | иштетүү |
| «Кыргыз геология» МИ | | |
| Жыргалаң | таш көмүр | иштетүү, чалгындоо |
| Туюк-Каргаша | таш көмүр | иштетүү, чалгындоо |
| Бештерек | көмүр | иштетүү |

# КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ КАРАТА ДАЯРДЫК ЖӨНҮНДӨ

Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет «Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калктын 2021-2022-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2021-жылдын 27-октябрындагы № 4949-VI токтомунун аткарылышы тууралуу Министрлер Кабинетинин маалыматын карап чыгып, төмөнкүдөй **ЧЕЧИМГЕ КЕЛДИ**:

**- Жогорку Кеңештин 2021-жылдын 27-октябрындагы № 4949-VI токтомун аткаруу боюнча Министрлер Кабинетинин 2021-2022-жылдардагы күз-кыш мезгилин өтүү убагында керектөөчүлөрдү электр жана жылуулук энергиялары менен камсыз кылуу бөлүгүндө иши канаатандырарлык деп эсептелсин.**

**- Министрлер Кабинетине:**

- Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калктын 2022-2023-жылдардагы күз-кыш мезгилине карата даярдоо боюнча зарыл чараларды алдын ала кабыл алуу;
- Токтогул суу сактагычында суунун зарыл болгон көлөмүн топтоо боюнча комплекстүү чараларды көрүү;
- Токтогул ГЭСин реабилитациялоонун алкагында №4 гидроагрегатты алмаштыруу жана №2 гидроагрегатты демонтаждоо боюнча ишти улантуу;
- Камбар-Ата-1 ГЭСинин курулушун баштоо үчүн чараларды көрүү;
- мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун (МИД) алкагында гранттык жана кредиттик каражаттардын пайдаланаусун контролдоону жүзөгө ашыруу;
- чакан гидроэнергетиканы жана энергиянын жаңылануучу булактарын (ЭЖБ) өнүктүрүү боюнча Программа иштеп чыгуу жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү;
- электрэнергиясын коммерциялык эсепке алуунун автоматташтырылган тутумун (ЭКЭАТ) киргизүү боюнча ишти тездетүү;
- энергетика тармагындагы ченемдик-укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү;
- кыска мөөнөттө электрэнергиясын үнөмдүү пайдалануу тууралуу нускама иштеп чыгуу жана аны калкка тааныштыруу;
- Бишкек жана Ош шаарларынын ЖЭБ көмүр жана мазут сатып алууда контролду күчөтүү, көз карандысыз тендердик комиссия түзүү мүмкүнчүлүгүн кароо;
- электрэнергияны жоготууларды жана керектөөчүлөрдүн дебитордук карыздарын төмөндөтүү боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү камсыз кылуу;
- жүргүзүлгөн иштер жөнүндө комитетке квартал сайын маалымат берүү сунуштамалансын.



# «КООПСУЗ ШААР» ДОЛБООРУН ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

Жогорку Кеңеш 2019-жылы «Коопсуз шаар» долбоорун киргизүү максатында мыйзамдарга Жол кыймылы эрежелерин (ЖКЭ) бузууларды фото- жана видеокаттоону жүзөгө ашыруу үчүн негиздерди караган түзөтүүлөрдү киргизген. «Коопсуз шаар» долбоорун ишке ашыруу 2019-жылдын 4-мартында башталган.

Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылууда көрсөтүлгөн Долбоордун маанилүүлүгүн көңүлгө алуу менен, 2022-жылдын апрелинде аны ишке ашыруу боюнча санариптик өнүктүрүү жана ички иштер министрликтеринин маалыматтарын уккан.

## МАСЕЛЕНИ КАРООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТ ТӨМӨНКҮДӨЙ ЧЕЧКЕН:

**- Санариптик өнүктүрүү жана ички иштер министрликтеринин маалыматтары эске алынсын.**

**- Ички иштер министрлиги:**

- жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндө окуу класстарынын, автодромдордун абалын иликтесин, жана зарыл болгондо аларды ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык келтирүү боюнча чараларды көрсүн;
- автомектептердин окуу-материалдык базасын контролдоону күчөтсүн жана транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиянын болуусун текшерсин;

**- Санариптик өнүктүрүү министрлиги Ички иштер министрлиги** менен биргеликте Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары катталган транспорт каражаттарынын ээлеринин ЖКЭ бузганы үчүн жоопкерчилик маселесин чечсин.

**1-кварталында ашкереленген ЖКЭ бузуулары**

| 2021- ж. | | 2022- ж. |
|---|---|---|
| 218 831 | ▲ +7,1% | **234 357** |

**1-кварталында республиканын автожолдорундагы жана көчөлөрүндөгү ашкереленген**

| | 2021- ж. | | 2022- ж. |
|---|---|---|---|
| жол-транспорттук кырсыктардын (ЖТК) саны | 1569 | - 14,4% ▼ | **1343** |
| өлгөндөрдүн саны | 133 | - 19,5% ▼ | **107** |
| жаракат алгандардын саны | 2329 | - 14,6% ▼ | **1990** |




транспорт каражаттарынын айдоочуларынын күнөөсү боюнча

жөө жүрүүчүлөрдүн күнөөсү боюнча

# БИШКЕК ШААРЫНЫН АБАСЫНЫН БУЛГАНУУ ДЕҢГЭЭЛИН ТӨМӨНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

Атмосфералык абанын булгануусунун деңгээли жыл сайын жогорулоодо. IQAir (www.airvisual.com) компаниясынын маалыматы боюнча 2019-жылдан тартып Бишкек шаары дүйнөнүн абдан булганган шаарларынын катарына кирген. Бишкек шаарынын абасынын булгануу деңгээлинин бийиктигин эске алуу менен Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет «Бишкек шаарындагы абанын булганышынын деңгээлин төмөндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 26-декабрындагы № 3477-VI токтомунун аткарылышынын жүрүшү тууралуу» Жогорку Кеңештин 2021-жылдын 31-мартындагы №4490-VI токтомунун аткарылышын карады, анын жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй **ЧЕЧТИ**:

**- Мамлекеттик органдардын маалыматтары эске алынсын.**

**- Мамлекеттик органдардын жогоруда көрсөтүлгөн токтомду аткаруу боюнча иштери жетишсиз деп таанылсын.**

**- Министрлер Кабинети:**

- жеке менчик үйлөрдү жаратылыш газына кошууну тездетсин жана анын баасын төмөндөтүү мүмкүнчүлүгүн карасын;
- жаратылышка зыян келтирүүчү каучукту, резинаны жана синтетикалык калдыктарды жагууга тыюу салуунун сакталышы боюнча чет өлкөлөрдүн тажырыйбасын иликтесин жана Кыргыз Республикасында колдонсун;
- электр жана гибрид кыймылдаткычтуу автотранспорт каражаттары үчүн заряддоочу станцияларды жана акысыз токтотмолорду курууга салыктык жеңилдиктер боюнча сунуш киргизсин;
- Бишкек шаарынын ЖЭБ кампасына сапатсыз көмүрдү бергени үчүн чараларды катаалдатсын;
- көмүрдүн сапатын иликтөө боюнча мамлекеттик лаборатория ачуу маселесин карасын;
- мурда колдонууда болгон катализаторлорду, шлактарды, күлдү жана катализаторлордо камтылган баалуу металлдардын калдыктарын Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга тыюу салууну киргизүү маселесин карасын жана аны бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтсүн;
- коомдук транспорттун кыйла экологиялык түрү катары троллейбустарды сатып алуу мүмкүнчүлүгүн карасын;
- эски автомобилдерди утилдештирүү Программасын иштеп чыксын;
- тазалоочу тутумдарды орнотуу боюнча Бишкек шаарынын ишканаларына экологиялык контролдоону катаалдаштырсын.

**- Саламаттыкты сактоо министрлиги Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги** менен бирдикте, жүрөк-кан тамырлар, онкологиялык, өпкө жана башка оорулардын алдын алуу менен бир катарда, сергек жашоо ыңгайын жана дене тарбиясы жана спорт менен көнүгүүнүн пайдасын үгүттөөнү жүргүзүүсү зарыл.

**- Бишкек шаарынын Мэриясы:**
- Бишкек шаарында калдыктарды кайра иштетүүчү завод куруу боюнча иштерди тездетсин;
- Бишкек шаарында жашыл бак-дарактарды өз убагында кароо боюнча иштерди күчөтсүн.




17
Россия Федерациясы
6
Казакстан Республикасы
1
Сербия Республикасы
1
БАЭ
1
Түркия Республикасы






Азербайжан Республикасы




Түркмөнстан




Беларусь Республикасы




Француз Республикасы




Улуу Британия




Армения Республикасы

**Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет өлкөлүк иш-сапаралары**

**24**- Ата-Журт Кыргызстан
**13**- Ишеним
**8**- Ынтымак
**6**- Альянс
**4**- Бүтүн Кыргызстан
**3**- Ыйман Нуру
**10**- Элдик
**1**- №20
**2**- №28

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

### Россия Федерациясы

**КР ЖК Төрагасы Т. Мамытовдун Россия Федерациясына расмий сапары**

**Жолугушуулар:**
· РФ Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы В. Володин менен;
· РФ Федералдык Жыйынынын Федерация Кеңешинин Төрайымы В. Матвиенко менен;
· РФ Мусулмандар Дин башкармалыгынын жана Россия муфтийлер Кеңешинин Төрагасы Р. Гайнутдин менен.

Москва ш., 2022-ж. 21-22-февраль

### Казакстан Республикасы

**КР ЖК Төрагасы Т. Мамытовдун КМШ МПА Кеңешинин юбилейлик иш-чараларына катышуу үчүн Казакстан Республикасынын Алматы шаарына иш-сапары**

**Жолугушуулар:**
· Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев менен;
· РФ Федералдык Жыйынынын Федерация Кеңешинин Төрайымы В. Матвиенко менен;
· Армения Республикасынын Улуттук Жыйынынын Төрагасы А. Симонян менен.

Алматы ш., 2022-ж. 27-29-март

### Түркмөнстан

**КР ЖК Төрагасы Т. Мамытовдун Борбор Азия өлкөлөрүнүн жана Россия Федерациясынын Биринчи парламенттер аралык форумуна катышуу үчүн Түрмөнстандын Ашхабад шаарына иш-сапары**

**Жолугушуулар:**
· Түркмөнстандын Президенти С. Бердымухамедов менен;
· Түркмөнстан Халк Маслахаты Милли Генгешинин Төрагасы Г. Бердымухамедов менен;
· Түркмөнстан Меджилисинин Милли Генгешинин Төрагасы Г. Маммедов менен.

Ашхабад ш., 2022-ж., 11-14-май

### Армения Республикасы

**КР ЖК Төрагасы Т. Мамытовдун ЖККУ ПА Кеңешинин көчмө жыйынына катышуу үчүн Армения Республикасына иш-сапары**

Биргелешкен жолугушуу:
· Армения Республикасынын Премьер-Министри Н. Пашинян менен.

Ереван ш., 2022-ж. 6-июнь

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

**2** чет өлкөлүк мамлекет жана өкмөт башчылары

**11** парламенттин спикерлери

**2** парламенттер аралык уюмдардын башчылары жана өкүлдөрү

**4** чет мамлекеттин элчилери

**2** эл аралык уюмдун өкүлдөрү

**3** чет өлкөлүк парламенттин депутаттары

**1** башка делегациялар

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| | |
|---|---|
| Экономикалык кызматташтык уюмдарынын Парламенттик Ассамблеясы (ЭКУ ПА) | 1 |
| Парламенттер аралык Биримдик (ПАБ) | 1 |
| Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) | 1 |
| ЕККУ Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА) | 1 |
| Жамааттык Коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмдарынын Парламенттик Ассамблеясы (ЖККУ ПА) | 5 |
| Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) | 9 |
| КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА) | 15 |



382
аккредитацияланган журналист

20
телекөрсөтүү

25
маалымат агенттиги

2
Радио

12
басма сөз басылмалары

19
чет өлкөлүк ЖМК

## Жогорку Кеңештин телерадиоберүүлөрүн чыгаруу

39 «Күн тартибинде»
23 «Парламент»
95 комитеттердин жыйыны айкын убакыт режиминде
33 ЖК жыйыны айкын убакыт режиминде

«Фракциялар радио эфирде»
«Комитеттер радио эфирде»
«Күн тартибинде»
«Парламент»
ЖК жыйындары айкын убакыт режиминде

ТК
КТРК
ЭлТР
Пирамида

90,2 - 107,7 FM

| Тераганын ЖМК менен жолугушуулары | Депутаттардын басма сөз конференциялары | ЖК басма сөз релиздери |
| --- | --- | --- |
| 2 | 1 | 1204 ашуун |



## Парламенттик радионун берүү жыштыктары



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР



Баардык келгендер

1975

544
студент

1165
мектеп окуучусу

190
ЖӨБ депутаттары

76
башка экскурсанттар

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН САЙТЫ

1 252 148
web-сайтты кароолордун саны

200 033
web-сайтка киргендердин саны



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА



@jogorkukenesh — 3767 жазылгандар

Жогорку Кеңеш — 37200 жазылгандар

@kenesh_kg — 377 жазылгандар

Жогорку Кеңеш — 27 856 жазылгандар

@zhogorkukenesh — 780 жазылгандар

## ПАРЛАМЕНТТИН ИШИНИН КАЛЕНДАРЫ

### Жогорку Кеңештин сессиялары

сентябрь, октябрь, ноябрь, **декабрь**, январь, февраль, март, апрель, май, **июнь**, июль, август

I сессия

29 декабрь 2021- ж. — 30 июнь 2022- ж.

### Парламенттик жумалык

Жогорку Кеңештин жыйналыштары

ДШ ШШ ШР БШ ЖМ ИШ ЖШ

Комитеттердин жана убактылуу комиссиялардын жыйындары

Фракциялардын жыйындары

## VII ЧАКЫРЫЛЫШТАГЫ ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ

### АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН

1 Шакиев Нурланбек Тургунбекович - фракция лидери (№ 17)
2 Сатыбалдиев Эльмурза Ракиевич - фракция лидеринин орун басары (№ 12)
3 Садырбаева Жылдыз Эсенбековна - фракция лидеринин орун басары
4 Исмаилов Фархат Даткабаевич
5 Сарыбашов Таалайбек Насирбекович
6 Маткеримов Айбек Тураталиевич
7 Токторбаев Жеңишбек Шермаматович
8 Сулайманов Эльдар Нурланович
9 Козуев Алишер Абибиллаевич
10 Кыдыкбаев Жаныбек Султанович
11 Масабиров Талайбек Айтмаматович
12 Исаева Джамиля Кубанычбековна – Жогорку Кеңештин Төрагасынын орун басары
13 Нарматова Надира Азимовна
14 Талиева Камила Абдыразаковна
15 Култаева Гулшаркан Оконовна
16 Абдалиев Мейкинбек Акимович
17 Боронбаев Абдыбахаб Жолдошович
18 Атажанов Ырысбек Ысламович (№ 3)
19 Алимбеков Нурбек Каарыевич (№ 8)
20 Алтынбеков Айбек (№ 15)
21 Абиров Жаныбек Болотбекович (№ 26)
22 Бакасов Улан Болотбекович (№ 33)
23 Коргонбай уулу Жусупбек (№ 5)
24 Матраимов Искендер Исмаилович (№ 9)
25 Осмонов Айбек Жапарович (№ 7)
26 Примов Улан Бердибаевич (№ 11)– Жогорку Кеңештин Төрагасынын орун басары
27 Сыдыков Бактыбек Усенович (№ 16)
28 Сулайманов Кундузбек Кошалиевич (№ 19)
29 Саккараев Медербек Джаманкулович (№ 31)
30 Толонов Данияр Эрмекович (№ 10)
31 Ташиев Шаирбек Кыдыршаевич (№ 14)
32 Турсунбаев Азизбек Атакозуевич (№ 18)
33 Ханджеза Карим Лемзарович (№ 23)

### ИШЕНИМ
САЯСИЙ ПАРТИЯСЫ

1 Ормонов Улугбек Зулпукарович - фракция лидери
2 Сыдыгалиев Нурбек Омурбекович – Жогорку Кеңештин Төрагасынын орун басары
3 Жакышов Русланбек Шергазиевич - фракция лидеринин орун басары
4 Джусупов Эмилбек Рамидинович- фракция лидеринин орун басары
5 Алиев Медербек Кубанычевич
6 Омурзаков Суйунбек Абдылдаевич
7 Шабазов Бахридин Валиевич
8 Таалайбек кызы Жылдыз
9 Абдибаева Айсаракан Нышановна
10 Темирбаева Миргул Омурзаковна
11 Султанбекова Чолпон Аалыевна
12 Мураталиев Марат Молдонович

### ЫНТЫМАК
саясий партиясы

1 Маматалиев Марлен Абдырахманович - фракция лидери
2 Түлөбаев Балбак Зарлыкович - фракция лидеринин орун басары
3 Тентишев Бакыт Эркинович - фракция лидеринин орун басары
4 Мамытов Талант Турдуматович – Жогорку Кеңештин Төрагасы
5 Мажитова Шарапаткан
6 Лурова Лейла Хияновна
7 Сыдыков Мурадил Жанышбекович
8 Исатбек кызы Аида
9 Кокулов Эрулан Калчороевич

## АЛЬЯНС

1 Акаев Жанарбек Кубанычович – фракция лидери
2 Айдарбеков Чингиз Азаматович
3 Алимжанов Фарходбек Айбекович
4 Алимжанова Нилуфар Якубжановна
5 Жамгырчиев Эмил Эрикович
6 Исираилов Азамат Алмазбекович
7 Молдобекова Гулкан Сакиновна

## БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН

1 Мадумаров Адахан Кимсанбаевич - фракция лидери
2 Масалиев Исхак Абсаматович
3 Кожокулова Гуля Акматкуловна
4 Токтошев Эмиль Токтакунович
5 Айдарова Айгүл Абдисаламовна
6 Эрбаев Алишер Ташбаевич

## ЫЙМАН НУРУ

1 Кадырбеков Нуржигит Кадырбекович – фракция лидери
2 Мамасадыков Замирбек Дуйшалыевич - фракция лидеринин орун басары
3 Айжигитов Султанбай Абдрашитович
4 Ашимова Динара Ашимовна
5 Раимбачаева Винера Калыбековна

## «Элдик» депутаттык тобу

1 Түмөнбаев Акылбек Тогузбаевич – депутаттык топтун лидери (№ 35)
2 Самыйкожо Мирлан - депутаттык топтун лидеринин орун басары (№ 32)
3 Бакиров Өмүрбек Мирзараимович - депутаттык топтун лидеринин орун басары (№ 4)
4 Кенжебаев Аманкан Батырбекович (№ 24)
5 Таштанбеков Акбокон Дукенович (№ 30)
6 Малиев Арсланбек Касымакунович (№ 34)
7 Нурбаев Жалолидин Паязидинович (№ 6)
8 Азыгалиев Нурланбек Асанбекович (№ 22)
9 Чойбеков Бактыбек Каныбекович (№ 21)
10 Икрамов Тазабек Икрамович (№ 13)
11 Ражабалиев Нурлан Аскаралиевич (№ 2)
12 Сарбагышев Максатбек Канатбекович (№ 36)
13 Ажибаев Чынгыз Ильяскожоевич (№ 1)

## Депутаттар*

1 Джумабеков Дастанбек Артисбекович (№ 20)
2 Атамбаев Сеидбек Алмазбекович (№ 25)
3 Сурабалдиева Эльвира Жыргалбековна (№ 27)
4 Бекешев Дастан Далабайевич (№ 28)
5 Атазов Шайлообек Карыбекович (№ 29)

## ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

| **Парламенттин аталышы** | Улуттук жыйын | Парламент | Фолькетинг | Мыйзам чыгаруу жыйыны | Жогорку Кеңеш | Сейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Түзүлгөн жылы** | 1995 | 1997 | 1989 | 1971 | 1995 | 1923 |
| **Депутаттардын саны** | 107 | 150 | 179 | 57 | 90 | 100 |
| **Өлкөлөр** | Армения | Грузия | Дания | Коста-Рика | Кыргызстан | Латвия |
| **Шайлоочулардын саны (млн. адам)** | 2,58 | 3,51 | 4,15 | 3,02 | 2,85 | 1,15 |
| **Бир депутатка шайлоочулардын саны (миң адам)** | 25,6 | 23,4 | 23,2 | 53 | 23,8 | 15,5 |
| **Депутаттын иш мөөнөтү** | 5 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 4 жыл |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук Ассамблея | Сейм | Парламент | Парламент | Стортинг | Улуттук Ассамблея | Парламент |
| 1932 | 1923 | 1990 | 1854 | 1814 | 1904 | 1963 |
| 128 | 141 | 101 | 120 | 169 | 71 | 124 |
| Ливан | Литва | Молдова | Новая Зеландия | Норвегия | Панама | Сиерра-Леоне |
| 3,26 | 2,40 | 3,02 | 3,14 | 3,64 | 2,41 | 2,69 |
| 25,5 | 15 | 29,9 | 26,4 | 21,5 | 34,6 | 21,7 |
| 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 3 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 5 жыл |

**Жогорку Кеңештин сессия мезгилиндеги**
**(2021-жылдын декабры – 2022-жылдын июну)**
**иши жөнүндө отчетун даярдоо боюнча**
**жумушчу топ**
**VII чакырылыш 1-сессия**

| | |
|---|---|
| **Шаболотов Т. Т.** | – Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин Биринчи орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| **Исаков Э. К.** | – Маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн башчысы |
| **Назаралиева А. К.** | – ЧУА иштеп чыгуу, чыгаруу жана кабыл алынган чечимдерди контролдоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары |
| **Медералиев Ж.** | – Котормо, редакциялоо жана лингвистикалык экспертиза кызматы бөлүмүнүн сектор башчысы |
| **Нурматов М. М.** | – Экспертизаларды өткөрүү бөлүмүнүн эксперти |
| **Такенов Б. Т.** | – парламентаризм боюнча эксперт |
| **Базарбаева А. Р.** | – парламентаризм боюнча экесперт |
| **Коновалов Н. И.** | – графикалык дизайнер |



Эстеткич Кыргызстандагы
БУУӨПтүн колдоосу менен
даярдалды.

Бул басылмада берилген ойлор Бириккен улуттар уюмунун, Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз-караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек-араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз-караштарды чагылдырбайт.